Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту
Кол жазмалар фондусу
Инв. № 1314
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы

Молдо Кылыч

Ыркын

Институт языка, литературы и истории
Рукописный фонд
Инв. № 1314
15/XII-56 г.

М. Кылыч

1.

## ҮРКҮН

Салдат сурап Никалай
Кыргызды камап болбоду,
Кайрат кылды Никалай
Тилегин кабыл болбоду.

Карангылык кайран эл
Тескери карап толгонду.
Кара кыргыз баласы....
Ысык келдөн козголду.

Каршы чыгып орусмен
Батыркан чыккан Белектен,
Элден мурун козголуп,
Саяктан келди төмөнтөн.

Күнү түнү көчкөн эл
Күрмөнтүдөн өтүшүп
Өргбөстөн ал жерге
Түн гатып ары көчүшүп.

Шатынан оозу талаадан
Бураган ок чыкты
Жаман какол оңбой кал
Түп басалке калаадан.

Бет алышып урушпай
Чуулдап ары качканы
Барсылдатып артынан
Мылтык менен атканы.

6-97-03

Кудай өзүң сакта деп,
Калайык жаман калтырап
Кырып кирди катугун
Кылыч чаап аткылап.

Аткылаган орустан
Олжо бөлүп аларда
Качып берген кайран эл
Тукумсуз өзү каларда.

Жанын алып калмака
Күлүк атты урганы
Себеп болуп бир бала
Орусту кайра тоскону.

Чымын жанын аябай
Кыргыздарга чеп болуп
Жыйырма жашта бул бала
Эл оозуна кеп болду.

Жер жайнаган кыргызды
Кабылыкты ашырды
Кайрат кылып душманга
Орусту кайра качырды.

Калканч кылып бир ташты
Мылтык менен атканы.
Күчөнгөн жаман какоолдор
Кайта айланып качканы.

Толуп келген кайран эл
Суу.сепкендей өчкөнү.

Уруш салып чыдабай
Чубулдап ары кечкенай.

Чатак салып орус мен
Кытайга карап качышты
Түптөгү жаман каколмен
Эки сагат атышты.

Көчүп Көлдөн катугун
Кытайга карап жөнөду.
Чатакты салдык аябай
Башка түшө көрөлүк.

Элдин алды чуулдап
Табылыкты конуптур
Качып берди катугун
Жуда аламат болуптур.

Аламан түштү бул элге
Күнү түнү жол жүрдүк
Амал барбы кантелик
Өргүбөдүк бир жерге.

Үч уктаса түштө жок
Көрдүк минтип сонунду.
Өлүмдөн калган бусурман
Сары жазга чогулду.

Кызыл май болуп жүралбай
Жолдо калды далай мал.
Кафир менен атышып
Окко кетти далай жан.

Артта калды биздин жер
Канын төгүп калк үчүн
Намызына тырышып
Шейит өлдү далай эл.

Сары жаздан эл көчүп
Үкүрчүге конгонай.
Кудай салса көрдүк деп,
Маскара минтип болгонай. — рефр.

Үч капкактын оюна
Өргүйлүк эми кичине
Кыжылдашып тил билбейт
Калмактын келдик четине.

Өткөзбеду калмактар
Чегараны бекитип,
Жаман сөздү көп айтып
Сөөккө жаман жеткизип

Акырында калмактар кыргыздардын
Барысын койдой кылып чуулашы
Көтжактан келип көп орус
Кызыл уштан ок атты.

Замбирек үнүн уккан соң
Калмагынды билбеди
Көзүнө такыр илбеди
Кытайдын жерин тепсетип
Аралашып киргени.